Макулдашылды | "Бекитемин"
---|---
Ж. Бөкөнбаев атындагы | Ж.Бөкөнбаев атындагы
жатак-гимназия мекемесинин профкому: | жатак-гимназия мекемесинин
_____________ Манас уулу Майсалбек | директору _______ И.Ибраимов

**Базар-Коргон районундагы Жоомарт Бөкөнбаев атындагы жатак-гимназия мекемесинин "Эмгекти коргоо" жөнүндө**

**Жобосу**

**1.Жалпы жобо:**

1.1.Эмгек шарттары боюнча жумуш орундарын аттестациялоо,зыяндуу факторлору көрсөтүлгөн жумуш орундарынын тизмеси.

1.2.Эмгекти коргоо боюнча окутуужана билимдерин текшерүү.

1.3.Кызматкерлерди жумуштун коопсуз ыкмаларына жана жолдоруна окутуу.

1.4.Кабинеттерди,бурчтарды уюштуруу,алар үчүн зарыл приборлорду,көрсөтмө пособиелерди,көрсөтө турган аппаратураны ж.б. сатып алуу,эмгекти коргоо боюнча көрсөтмөлөрдү өткөрүү.

1.5.Эмгек шарттары боюнча кошумча үстөк акы төлөө боюнча бекитилген өндүрүштөрдүн ,жумуштардын,кесиптердин,жана кызматтардын тизмесин иштеп чыгуу жана бекитүү.

1.6.Эмгек шарттары боюнча кошумча үстөк акы төлөө боюнча бекитилген өндүрүштөрдүн ,жумуштардын,кесиптердин жана кызматтардын тизмесин иштеп чыгуу жана бекитүү.

1.7.Окуу кабинеттерде,коридорлордо ж.б. жерлерде болгон жылуулук берүүчү жана желдетүүчү системаларды орнотуу жана болгондорун кайра конструкциялоо.

Табигый жана жасалма жарык берүүнү талаптарга ылайык ченемдерге ылайык келтирүү;

Кабинеттерди кайра пландоо өндүрүштүк жабдууну жайгаштыруу;

1.8.Уюштурулган эс алуу жайларын эмоциялык бошонуу имараттарын жана бөлмөлөрүн түзүү.

1.9.Алгачкы медициналык жардам аптечкалары менен камсыз кылуу.

1.10.Кыргыз Республикасынын Эмгек министрлигинин токтомдору менен бекитилген типтүү актылык-ченемдерге,кызматкерлерди жеке коргонуунун атайын кийим ,атайын бут кийим жана башка каражаттар менен камсыз кылуу тартибине ылайык (КР Эмгек кодексинин 214-ст).

1.11.Талаптарга ылайык,ошондой эле өрт коопсуздугу чаралары жөнүндө нускамаларды мекеменин кесиптик бирдиги иштеп чыгуу жана бекитүү.Мекемеге өрт чыгып кеткен учурда адамдарды эвакуациялоо нускамасын жана план-схемасын иштеп чыгуу жана камсыз кылуу.өрт сигнализациясын мантаждоо жана пайдаланууга киргизүү иштерин жүргүзүү.

**2. Негизги уюштуруу иштери:**

2.1.Эмгек шарттары боюнча жумуш орундарын аттестациялоо жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө.Жобого ылайык "Эмгекти коргоо жөнүндө" КР мыйзамы 01.08.03-жыл сайын тааныштыруу өткөрүлөт.

2.2 КРнын Өкмөтүнүн 05.04.04-ж №225 токтомуна ылайык КРнын Эмгек кодексинин 216-ст "Эмгекти коргоо боюнча окутуунун тартиби жана эмгекти коргоо талаптарын билүүнү текшерүү" ылайык иш-чара уюштурулат.

2.3 01.08.03-ж.№167 КР "Эмгекти коргоо жөнүндө" Эмгек коопсуздугу боюнча окутууну уюштуруу боюнча жалпы жоболор каралат.